КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө**

## 1-глава. Жалпы жоболор

2022-жылдын 6-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

### 1-берене. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү, максаттары жана принциптери

1. Ушул Мыйзам мамлекеттик сатып алуулардын жалпы укуктук жана экономикалык принциптерин белгилейт жана белгиленген максаттарга ылайык мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салат.

2. Ушул Мыйзамдын максаты сатып алуучу уюмдардын ишинин иштешин камсыз кылууга байланышкан мамилелерди жөнгө салуу аркылуу мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу болуп саналат.

3. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алууларын ишке ашыруу төмөнкү принциптерге негизделет:

1) мамлекеттик сатып алуулардын бирдиктүү тутумун түзүү жана ага коомчулуктун ишенимин калыптандыруу аркылуу мамлекеттик сатып алуулар процессин оптималдаштыруу;

2) мамлекеттик сатып алуулардын катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо;

3) мамлекеттик сатып алууларды, жүзөгө ашырууда ачыктык, калыстык, айкындуулук жана ачык-айрымдуулук;

4) инновациялык жана жогорку технологиялык товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу.

МИНИСТЕРСТВО ФИНАНСОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Входящий № ____________
«___» ____________ 20___ г

Минфин
К

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МЫЙЗАМЫ

ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О государственных закупках**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 6 апреля 2022 года

## Глава 1. Общие положения

### Статья 1. Сфера применения, цели и принципы настоящего Закона

1. Настоящий Закон устанавливает общие правовые и экономические принципы государственных закупок и регулирует порядок осуществления государственных закупок в соответствии с установленными целями.

2. Целью настоящего Закона является эффективное и экономичное использование государственных ресурсов путем регулирования отношений, связанных с обеспечением функционирования деятельности закупающих организаций.

3. Осуществление государственных закупок Кыргызской Республики основывается на принципах:

1) оптимизации процессов государственных закупок через создание единой системы государственных закупок и формирование общественного доверия к ней;

2) соблюдения прав и законных интересов участников государственных закупок;

3) открытости, беспристрастности, публичности и прозрачности при осуществлении государственных закупок;

4) приобретения инновационных и высокотехнологичных товаров, работ, услуг.

### Статья 2. Законодательство о государственных закупках

1. Законодательство Кыргызской Республики о государственных закупках основывается на Конституции Кыргызской Республики, настоящем Законе и других нормативных правовых актах, регулирующих отношения в сфере государственных закупок.

2. Если международным договором, вступившим в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, установлены иные нормы, правила и сроки, чем предусмотренные настоящим Законом, то применяются нормы международного договора.

**2-берене. Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдар**

1. Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ушул Мыйзамга жана мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларга негизделет.

2. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген, эл аралык келишимде ушул Мыйзамда каралгандан башка ченемдер, эрежелер жана мөөнөттөр белгиленсе, анда эл аралык келишимдин ченемдери колдонулат.

3. Ушул Мыйзамды ишке ашыруу максатында товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – Министрлер Кабинети) тарабынан аныкталат.

4. Ушул Мыйзам төмөнкүдөй сатып алууларды жөнгө салбайт:

1) мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык, мамлекеттик сырларды сактоого байланыштуу. Мындай мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жүзөгө ашырылуучу.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы административдик-чарбалык муктаждыктарды камсыздоо, курулуш иштерин жана капиталдык оңдоону аткаруу үчүн сатып алууларды өзүнүн сатып алууларды жүзөгө ашыруунун ички эрежелерине ылайык жүзөгө ашырат. Сатып алуулар жөнүндө ички эрежелер Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан бекитилет жана ушул Мыйзамдын максаттарына жана принциптерине карама-каршы келбөөгө тийиш;

3) Кыргыз Республикасы менен башка мамлекеттердин ортосундагы экономикалык кызматташтыкка көмөк көрсөтүү максатында уюштурулган эл аралык фонддордун каражаттарынын эсебинен;

4) бешинчи стадиядагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган бейтаптар үчүн гемодиализ кызматтарына байланышкан сатып алууларды. Мындай сатып алууларды уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат;

5) мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар тарабынан; уставдык капиталга катышуу үлүшүнүн 50 жана андан көп пайызы мамлекетке таандык болгон акционердик коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан жүзөгө ашырылуучу.

5. Кийинки календардык жылдын 1-январынан тартып күчүнө кире турган күч жетпей калган жагдайлар түзүлгөн, карама-каршылыктарды жана кемчиликтерди жоюу учурларын кошпогондо, ушул Мыйзамга өзгөртүүлөр жылына бир жолудан ашык эмес киргизилет.



3. В целях реализации настоящего Закона порядок организации и проведения процедур государственных закупок товаров, работ, услуг и консультационных услуг определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики (далее – Кабинет Министров).

4. Настоящий Закон не регулирует закупки:

1) связанные с защитой государственных секретов в соответствии с законодательством о защите государственных секретов. Порядок организации таких государственных закупок определяется Кабинетом Министров;

2) осуществляемые Национальным банком Кыргызской Республики.

Национальный банк Кыргызской Республики осуществляет закупки для обеспечения административно-хозяйственных нужд, выполнения строительных работ и капитального ремонта в соответствии со своими внутренними правилами осуществления закупок. Внутренние правила о закупках утверждаются Национальным банком Кыргызской Республики и не должны противоречить цели и принципам настоящего Закона;

3) за счет средств международных фондов, учрежденных в целях содействия экономическому сотрудничеству между Кыргызской Республикой и другими государствами;

4) связанные с услугами гемодиализа для больных хронической почечной недостаточностью пятой стадии. Порядок организации и осуществления таких закупок определяется Кабинетом Министров;

5) осуществляемые государственными и муниципальными предприятиями; акционерными обществами, где 50 и более процентов доли участия в уставном капитале принадлежат государству, в том числе их дочерними хозяйственными обществами.

5. Изменения в настоящий Закон вносятся не более одного раза в год, за исключением случаев возникновения обстоятельств непреодолимой силы, устранения противоречий и пробелов, которые вступают в силу с 1 января следующего календарного года.

**Статья 3. Понятия, используемые в настоящем Законе**

В настоящем Законе используются следующие понятия:

1) **администрирование контракта** – процесс управления и контроля за исполнением сторонами обязательств по контракту, осуществляемый с использованием веб-портала и/или электронного каталога, обеспечивающий прозрачный, доступный и подотчетный процесс исполнения контрактов, направленный на снижение рисков, связанных с ненадлежащим исполнением или неисполнением контрактов, а также коррупционных рисков при исполнении контракта;

2) **аффилированное лицо** – лицо, соответствующее одному или нескольким ниже перечисленным признакам, за исключением государственных и муниципальных учреждений, где участником или учредителем является закупающая организация, и деятельность которых не противоречит законодательству о конкуренции:

– лицо, оказывающее влияние на принятие решения по процедурам государственных закупок;

– руководитель и работник закупающих организаций/Агента, а также их близкие родственники или близкие лица;

**3-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

1) Контрактты тескөө – контракттарды талаптагыдай эмес аткарууга же аткарбоого байланышкан тобокелчиликтерди, ошондой эле контрактты аткаруудагы коррупциялык тобокелчиликтерди азайтууга багытталган, контракттарды аткаруунун ачык-айкын, жеткиликтүү жана отчет берүү процессин камсыз кылуучу веб-порталды жана/же электрондук каталогду колдонуу менен жүзөгө ашырылуучу контракт боюнча милдеттенмелерди тараптардын аткарышын башкаруу жана контролдоо процесси;

2) аффилирленген жак - сатып алуучу уюм катышуучу же уюштуруучу болуп саналган мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди кошпогондо, төмөндөгү мүнөздөмөлөрдүн бирине же бир нечесине ылайык келген жана иши атаандаштык жөнүндө мыйзамдарга карама-каршы келбеген жак:

– мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору боюнча чечим кабыл алууга таасир көрсөтүүчү жак;

– сатып алуучу уюмдардын/ Агенттин жетекчиси жана кызматкери, ошондой эле алардын жакын туугандары же аларга жакын болгон жак;

– саясий мамлекеттик кызматты, саясий муниципалдык кызматты, атайын мамлекеттик кызматты ээлеген жак болуп саналган берүүчүнүн же консультанттын катышуучусу (уюштуруучусу) жана берүүчүнүн же консультанттын уставдык капиталында үлүшкө ээ болгон анын жакын туугандары же жакын адамдары;

3) **берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасы** - мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарга ылайык, берүүчүлөр жана консультанттар жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгаруу үчүн мамлекеттик маалыматтык тутумдар менен интеграцияланган, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна катышуучу берүүчүлөр жана консультанттар жөнүндө маалыматтардын жыйындысын камтыган электрондук маалымат базасы;

4) **ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасы** - контракт боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы жана мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна катышуу эрежелерин бузгандыгы үчүн киргизилген ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын, ошондой эле алардын жетекчилеринин реестри;

5) **контрактты банктык коштоо** – банктык коштоо жөнүндө келишимдин негизинде акча каражаттарын максаттуу чыгымдоону контролдоо үчүн ыйгарым укуктуу банктардын биринде ачылган өзүнчө эсепте, ушул контрактты аткаруунун алкагында башка адамдар тарабынан контрактты аткаруунун жүрүшүндө берүүчү жана бардык тартылгандар ишке ашыруучу төлөмдөрдү жүргүзүүнү, эсептөөлөргө мониторинг жүргүзүүнү ыйгарым укуктуу банктын камсыз кылуусу, ошондой эле сатып алуучу уюмга/Агентке контракттарды банктык коштоонун жыйынтыктарын жеткирүү;

6) **юридикалык жактын бенефициардык менчик ээси** – акыр аягында (ээлик кылуу жана контролдоо чынжырчасы аркылуу) түздөн-түз же кыйыр түрдө (үчүнчү жактар аркылуу) менчик укугунда юридикалык жакка ээлик кылган же юридикалык жакты контролдогон, анын чечимдерди кабыл алуусуна таасир этүүчү жеке жак (жеке жактар);

7) **жакын туугандар** – атасы жана энеси, асырап алуучулар, балдары, анын ичинде асырап алынгандар, бир ата-энеден тараган жана атасы же энеси башка ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң атасы, чоң энеси, неберелери;



– участник (учредитель) поставщика или консультанта, который является лицом, занимающим политическую государственную должность, политическую муниципальную должность, специальную государственную должность, и его близкие родственники или близкие лица, владеющие долей в уставном капитале поставщика или консультанта;

3) **база данных поставщиков и консультантов** – электронная база данных, содержащая совокупность информации о поставщиках и консультантах, участвующих в процедурах государственных закупок, интегрируемая с государственными информационными системами для раскрытия информации о поставщиках и консультантах в соответствии с законодательством о государственных закупках;

4) **база данных недобросовестных поставщиков и консультантов** – реестр недобросовестных поставщиков и консультантов, а также их руководителей, включенных в него за неисполнение или ненадлежащее исполнение своих обязательств по контракту и за нарушения правил участия в процедурах государственных закупок;

5) **банковское сопровождение контракта** – обеспечение уполномоченным банком на основании договора о банковском сопровождении проведения платежей, мониторинга расчетов, осуществляемых поставщиком и всеми привлекаемыми в ходе исполнения контракта другими лицами в рамках исполнения данного контракта, на отдельном счете, открытом в одном из уполномоченных банков, для контроля за целевым расходованием денежных средств, а также доведение результатов банковского сопровождения контрактов до сведения закупающей организации/Агента;

6) **бенефициарный владелец юридического лица** – физическое лицо (физические лица), которое в конечном итоге (через цепочку владения и контроля) прямо или косвенно (через третьих лиц) владеет юридическим лицом на праве собственности или контролирует юридическое лицо, оказывает влияние на принятие им решений;

7) **близкие родственники** – отец и мать, усыновители, дети, в том числе усыновленные, полнородные и неполнородные братья и сестры, дедушка, бабушка, внуки;

8) **близкие лица** – лица, состоящие в зарегистрированном браке, в том числе лица, которые совместно проживают, но не состоят в браке, а также отчим, мачеха, пасынок, падчерица, зять, невестка;

9) **веб-портал государственных закупок (веб-портал)** - государственная информационная система, созданная уполномоченным государственным органом по государственным закупкам в целях обеспечения прозрачного, доступного и подотчетного процесса государственных закупок с сохранением информации сроком не менее 10 лет;

10) **государственные или муниципальные нужды** – потребности закупающих организаций в товарах, работах, услугах и консультационных услугах, удовлетворяемые полностью или частично за счет государственных средств;

11) **государственные закупки** – приобретение закупающей организацией товаров, работ, услуг и консультационных услуг методами, установленными настоящим Законом, финансируемое полностью или частично за счет государственных средств. Государственными средствами признаются:

–средства республиканского, местного бюджетов для осуществления деятельности закупающими организациями;

8) **жакын адамдар** – катталган никеде турган жактар, анын ичинде чогуу жашаган, бирок никеде турбаган адамдар, ошондой эле өгөй ата, өгөй эне, өгөй бала, өгөй кыз, күйөө бала, келин;

9) **мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы (веб-портал)** – маалыматтарды 10 жылдан кем эмес мөөнөттө сактоо менен мамлекеттик сатып алуулардын ачык, жеткиликтүү жана отчет берүү процессин камсыздоо максатында сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлгөн мамлекеттик маалыматтык тутум;

10) **мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар** – сатып алуучу уюмдардын товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө болгон, мамлекеттик каражаттардын эсебинен толук же жарым-жартылай канааттандырылуучу керектөөлөрү;

11) **мамлекеттик сатып алуулар** – сатып алуучу уюм тарабынан товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызматтарды көрсөтүүнү ушул Мыйзамда белгиленген, мамлекеттик каражаттардын эсебинен толук же жарым-жартылай каржылануучу усулдар менен сатып алуулар. Мамлекеттик каражаттар болуп төмөнкүлөр таанылат:

– сатып алуучу уюмдар тарабынан иштерди жүзөгө ашыруу үчүн республикалык, жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;

– атайын эсептердин каражаттары;

– мамлекеттик каражаттардын, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн фонддордун жана башка юридикалык жактардын каражаттары;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде тышкы жардам катары берилүүчү каражаттар, эгерде мындай келишимдерде каражаттарды пайдалануунун башка ыкмалары каралбаса;

– мамлекет тарабынан кепилдик берилген жана камсыздалган кредиттик каражаттар;

12) **контрактын аткарылышын кепилдик камсыздоо** – ушул Мыйзамда каралган контракт боюнча - форма боюнча сатып алуучу уюмдун/Агенттин алдындагы милдеттенмелердин аткарылышын берүүчүнүн камсыздоо ыкмасы;

13) **берүүчүнүн сунушун кепилдик камсыздоо** – ушул Мыйзамда каралган форма боюнча берүүчүнүн сунушундагы милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоо ыкмасы;

14) **демпингдик баа** – сатып алуучу уюм/Агент тарабынан аныкталган сатып алуу предметинин пландалган наркынан 20 пайыздан төмөн болгон жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана товарларга берүүчү тарабынан сунуш кылынган баа;

15) **берүүчүнүн сунушун кепилдикке алуучу декларация** – берүүчү тарабынан кол коюлган жана сунушта көрсөтүлгөн милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуунун кепилдиги катары сатып алуучу уюмга/Агентке берилген документ;

16) **контракты аткарууну кепилдикке алуучу декларация** – берүүчү тарабынан кол коюлган, контрактта каралган милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуу ыкмасы катары сатып алуучу уюмга/Агентке берилген документ;

17) **сатып алуулар жөнүндө документтер** – сатып алуучу уюм/Агент тарабынан сатып алуу шарттарын, тартибин, анын ичинде контракттын долбоорун



– средства специальных счетов;

– средства фондов и иных юридических лиц, созданных за счет государственных средств, средств государственных органов или органов местного самоуправления;

– средства, предоставляемые в качестве иностранной помощи на основании международных договоров, вступивших в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, если иные способы использования средств не предусмотрены такими соглашениями;

– кредитные средства, гарантированные и обеспеченные государством;

12) **гарантийное обеспечение исполнения контракта** – способ обеспечения исполнения обязательств поставщиком перед закупающей организацией/Агентом по контракту-по форме, предусмотренной настоящим Законом;

13) **гарантийное обеспечение предложения поставщика** – способ обеспечения исполнения обязательств предложения поставщика по форме, предусмотренной настоящим Законом;

14) **демпинговая цена** – цена, предложенная поставщиком на работы, услуги и товары, которая является ниже запланированной стоимости предмета закупки, определенной закупающей организацией/Агентом, более чем на 20 процентов;

15) **декларация, гарантирующая предложение поставщика** – документ, подписанный поставщиком и представляемый в закупающую организацию/Агенту как гарантия обеспечения исполнения обязательств, указанных в предложении;

16) **декларация, гарантирующая исполнение контракта** – документ, подписанный поставщиком и представляемый в закупающую организацию/Агенту как способ обеспечения исполнения обязательств, предусмотренных контрактом;

17) **документация о закупке** – пакет документов, включая любые изменения к ним, представляемый закупающей организацией\Агентом поставщику или консультанту для подготовки ими предложения, содержащий условия, порядок проведения закупок, в том числе проект контракта;

18) **закупающая организация** – государственный орган, орган местного самоуправления, государственные и муниципальные учреждения, фонды и иные юридические лица, созданные за счет государственных средств, средств государственных органов или органов местного самоуправления;

19) **идентификационный код** – набор цифр и символов, выдаваемый веб-порталом государственных закупок путем шифрования наименования поставщика в процессе проведения государственных закупок двухпакетным способом неограниченного метода с целью исключения конфликта интересов и человеческого фактора, иными словами наименование поставщика вскрывается во время второго пакета двухпакетного способа;

20) **консультант** – физическое (индивидуальный консультант) или юридическое лицо, оказывающее консультационные услуги;

21) **консультационные услуги** – услуги интеллектуального или консультационного характера, предоставляемые консультантами, имеющими необходимые специализированные профессиональные знания, опыт и соответствующую квалификацию, в том числе разработка проектно-сметной документации (проектирование зданий, сооружений), разработка которых не основывается на стандартных нормах и правилах, утвержденных уполномоченным государственным органом по разработке и реализации политики в сфере архитектурно-строительной деятельности;

камтыган, алардын сунуш даярдоосу үчүн ага карата ар кандай өзгөртүүлөрдү кошкондо, берүүчүгө же консультантка берилүүчү документтердин пакети;

18) **сатып алуучу уюм** – мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик каражаттардын, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен түзүлгөн фонддор жана башка юридикалык жактар;

19) **идентификациялык фонд** - кызыкчылыктардын кагылышуусун жана адам факторун болтурбоо максатында, чектелбеген усулдагы эки пакеттүү ыкма менен мамлекеттик сатып алууну жүргүзүү процессинде берүүчүнүн атын шифрлөө аркылуу мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы тарабынан берилген сандардын жана символдордун жыйындысы, башкача айтканда, берүүчүнүн аты-жөнү эки пакеттик ыкманын экинчи пакетин ачкан учурда ачыкка чыгат.

20) **консультант** – консультациялык кызматтарды көрсөтүүчү жеке (жеке консультант) же юридикалык жак;

21) **консультациялык кызмат көрсөтүүлөр** – зарыл адистештирилген кесиптик билими, тажрыйбасы жана тиешелүү квалификациясы бар консультанттар тарабынан берилүүчү интеллектуалдык же консультациялык мүнөздөгү консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде долбоорлоо-сметалык документтер ди иштеп чыгуу (имараттарды, курулмаларды долбоорлоо), аларды иштеп чыгуусу архитектуралык-курулуш иши чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен стандарттык ченемдерге жана эрежелерге негизделбейт;

22) **контракт** – сатып алуулардын жол-жоболорунун же алкактык макулдашуунун натыйжасында сатып алуучу уюм/Агент менен берүүчүнүн, консультанттын ортосундагы түзүлгөн сатып алуулар жөнүндө келишим;

23) **берүүчүнүн же консультанттын сунушу** – товарларды берүүгө, кызматтарды көрсөтүүгө, жумуштарды аткарууга берүүчүнүн сунушу же мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө консультанттын сунушу;

24) **сатып алуулар боюнча комиссия** – сатып алуулар тууралуу документтерди бекитүү жана берүүчүнүн же консультанттын сунуштарын баалоону жана тандоону жүзөгө ашыруу, ушул Мыйзамда каралган тартипте товарлар, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздоо жана консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө жеңүүчүнү аныктоо үчүн сатып алуучу уюмдун буйругу менен түзүлгөн коллегиалдуу орган;

25) **баалоонун критерийлери** – сатып алуунун жеңүүчүсүн аныктоо үчүн сатып алуу жөнүндө документтерде белгиленген объективдүү критерийлер;

26) **лот** – сатып алуулардын өзүнчө предмети катары чыгуучу сатып алуунун бөлүнбөгөн предмети, аны баалоо башка лотторго көз карандысыз түрдө жүргүзүлүүгө тийиш;

27) **мониторинг** – рынокту изилдөө, анын жыйынтыктары сатып алуулардын натыйжалуулугун жана үнөмдүүлүгүн камсыздоо үчүн пайдаланылат;

28) **улуттук режим** - чет өлкөдө чыгарылган товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана ушундай товарларды сунуштаган, жумуштарды аткарган, кызматтарды көрсөткөн берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) Кыргызстанда чыккан товарлар, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр, тийиштүү түрдө Кыргыз Республикасынын берүүчүлөрү (подрядчылары) тарабынан аткарылган жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр



22) **контракт – договор** о закупке между закупающей организацией/Агентом и поставщиком, консультантом, заключаемый по результатам процедур закупок или рамочного соглашения;

23) **предложение поставщика или консультанта** – предложение поставщика на поставку товаров, оказание услуг, осуществление работ или предложение консультанта на оказание консультационных услуг при проведении государственных закупок;

24) **комиссия по закупке** – коллегиальный орган, созданный приказом закупающей организации для утверждения документации о закупке и осуществления оценки и отбора предложений поставщика или консультанта и определения победителя на поставку товаров, работ, услуг и оказания консультационных услуг в порядке, предусмотренном настоящим Законом;

25) **критерии оценки** – установленные в документации о закупке объективные критерии для определения победителя закупки;

26) **лот** – неделимый предмет закупок, выступающий отдельным предметом закупки, оценка которого должна производиться независимо от других лотов;

27) **мониторинг** – исследование рынка, результаты которого используются для обеспечения эффективности и экономичности закупок;

28) **национальный режим** – режим, предусматривающий допуск товаров, работ, услуг иностранного происхождения и поставщиков (подрядчиков), предлагающих такие товары, выполняющих работы, оказывающих услуги, к участию в государственных закупках на равных условиях с товарами кыргызского происхождения, работами, услугами, соответственно выполняемыми, оказываемыми поставщиками (подрядчиками) Кыргызской Республики, если требование о предоставлении такого режима установлено международными договорами, вступившими в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

29) **недостоверная информация** – несоответствующие действительности данные, предоставленные поставщиком, консультантом в своем предложении;

30) **общий классификатор государственных закупок** – систематизированный свод наименований и кодов товаров, работ, услуг и консультационных услуг, сгруппированных по различным признакам, направленным для мониторинга государственных закупок, утверждаемый решением уполномоченного государственного органа по государственным закупкам;

31) **оценка предложений** – процесс определения соответствия предложений поставщиков критериям, установленным документацией о закупке;

32) **оцененная стоимость** – цена предложения поставщика с учетом жизненного цикла и критериев качества, указанных в документации о закупке;

33) **план закупок** – документ, содержащий сведения о закупке товаров, работ, услуг и консультационных услуг, которые запланированы для обеспечения государственных нужд;

34) **поставщик** – любое юридическое или физическое лицо, участвующее в процедурах закупок по поставке товаров, работ и услуг;

менен бирдей шартта катышуусуна уруксат берген режим, эгерде мындай режимди сунуштоо жөнүндө талап Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде белгиленсе;

29. **анык эмес маалымат** – берүүчү, консультант тарабынан өзүнүн сунушунда берилген, чындыкка дал келбеген маалыматтар;

30. **мамлекеттик сатып алуулардын жалпы классификатору** – мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен бекитилүүчү мамлекеттик сатып алуулардын мониторинги үчүн багытталган ар кандай белгилер боюнча топтолгон товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызматтардын аталыштарынын жана коддорунун системага салынган топтому;

31. **сунуштарды баалоо** – сатып алуулар жөнүндө документтерде белгиленген критерийлерге берүүчүлөрдүн сунуштарынын ылайык келүүсүн аныктоо процесси;

32. **бааланган нарк** – жашоо циклин жана сатып алуулар жөнүндө документтерде көрсөтүлгөн сапаттын критерийлерин эске алуу менен берүүчү сунуштаган баа;

33. **сатып алуулар планы** – мамлекеттик муктаждыктарды камсыздоо үчүн пландалган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызматтарды сатып алуу жөнүндө маалыматтарды камтыган документ;

34. **берүүчү** – товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү боюнча сатып алуулардын жол-жоболоруна катышкан ар кандай юридикалык же жеке жак;

35. **алдын ала квалификациялоо** – берүүчүлөрдүн иш тажрыйбасын, финансылык, өндүрүштүк жана техникалык мүмкүнчүлүктөрүн алдын ала баалоо үчүн конкреттүү сатып алуунун алкагында жүргүзүлүүчү жол-жобо;

36. **алдын ала квалификациялоочу документтер** – алдын ала квалификациялоочу тандоону жана сатып алууларды жүргүзүү үчүн документтердин иштелип чыккан пакети;

37. **протокол** – сатып алуулар процессинин тиешелүү этабын чагылдырган документалдуу отчет;

38. жумуштар – имаратты, курулманы же объектти курууга, реконструкциялоого, бузууга, оңдоого жана жаңылоого байланышкан бардык иштер;

39. **алкактык макулдашуу** – келечектеги контракттын шарты айтылуучу, бир же андан көп берүүчү тарабынан кол коюлган ачык же жабык типтеги макулдашуу;

40. **смарт-контракт** – маалыматтык технологияларды колдонуу менен түзүлүүчү электрондук формадагы контракт. Смарт-контракт боюнча укуктарды жана милдеттерди аткаруу ырааттуулукта жана мындай контракт менен аныкталган кырдаал түзүлгөн учурда иш-аракеттерди белгилүү бир тартипте аткаруу жолу менен жүзөгө ашырылат;

41. **сунуштар үчүн моонот** – сатып алууларды жүргүзүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып сунуштарды берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгил;

42. **даттануу мөөнөтү** – ушул Мыйзамда белгиленген мамлекеттик сатып алууларга катышуучулардын даттануу жана административдик даттануу берүү мөөнөтү;

6

35) **предквалификация** – процедура, проводимая в рамках конкретной закупки, для предварительной оценки опыта работы, финансовых, производственных и технических возможностей поставщиков;

36) **предквалификационная документация** – разработанный пакет документов для проведения предквалификационного отбора и закупки;

37) **протокол** – документальный отчет, отражающий соответствующий этап процесса закупок;

**38) работы** – вся деятельность, связанная со строительством, реконструкцией, сносом, ремонтом или обновлением здания, сооружения или объекта;

39) **рамочное соглашение** – соглашение открытого или закрытого типа, подписанное с одним и более поставщиками, в котором оговариваются условия будущего контракта;

40) **смарт-контракт** – контракт в электронной форме, формируемый с использованием информационных технологий. Исполнение прав и обязанностей по смарт-контракту осуществляется путем совершения действий в определенном порядке в последовательности и при наступлении обстоятельств, определенных таким контрактом;

41) **срок для предложений** – период со дня публикации объявления о проведении закупки до окончательного срока представления предложений;

42) **срок обжалования** – срок для подачи жалобы и административной жалобы участниками государственных закупок, установленный настоящим Законом;

43) **товары** – продукты труда любого вида и описания, в том числе сырье, изделия, оборудование и предметы в твердом, жидком или газообразном состоянии, электрическая энергия, а также услуги, сопутствующие поставкам товаров, если стоимость таких сопутствующих услуг не превышает стоимости самих товаров;

44) **уполномоченный банк** – банк, в отношении которого Кабинетом Министров принято решение о включении его в перечень банков, уполномоченных осуществлять банковское сопровождение контрактов;

45) **уполномоченный государственный орган по государственным закупкам** – уполномоченный Кабинетом Министров государственный орган, проводящий государственную политику в области закупок товаров, работ, услуг и консультационных услуг;

46) **услуги** – любые закупки, за исключением товаров, работ и консультационных услуг, на основе степени эффективного измеряемого физического результата;

47) **устойчивые государственные закупки** – процесс, при котором закупающие организации/Агент должны оценить выгоды не только для организации, но и для общества, с минимизацией ущерба окружающей среде. При оценке стоимости учитывается стоимость жизненного цикла продукции;

48) **центр закупок (далее – Агент)** – орган, на который возложена функция проведения централизованных закупок, определяемый решением Кабинета Министров;

49) **электронный формат закупок** – процедура организации и проведения закупок в сети Интернет, осуществляемая с использованием информационных систем (веб-портал) и электронных информационных ресурсов, обеспечивающая процедуру приобретения предмета закупок в режиме реального времени;

43. **товарлар** – ар кандай түрдөгү жана баяндалыштагы эмгек продуктулары, анын ичинде катуу, суюк же газ сыяктуу абалдагы чийки заттар, буюмдар, берүүчүлөр жана предметтер, электр энергиясы, ошондой эле, эгерде мындай коштолгон кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы товарлардын өзүнүн наркынан ашпаса, товарларды берүү менен коштолуучу кызмат көрсөтүүлөр;

44. **ыйгарым укуктуу банк** – ага карата Министрлер Кабинети тарабынан контракттарды банктык коштоону жүзөгө ашырууга аны ыйгарым укуктуу банктардын тизмесине киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынган банк;

45. **мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** – Министрлер Кабинети ыйгарым укук берген, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызматтарды сатып алуу жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү мамлекеттик орган;

46. **кызмат көрсөтүүлөр** – товарларды, жумуштарды жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү кошпогондо, натыйжалуу өлчөнүүчү физикалык натыйжанын даражасына негизделген ар кандай сатып алуулар;

47. **туруктуу мамлекеттик сатып алуулар** – сатып алуучу уюмдар/Агент курчап турган чөйрөгө болгон зыянды минималдаштыруу менен, уюм үчүн гана эмес, коом үчүн дагы пайданы баалоого тийиш болгон процесс. Наркты баалоодо продукциянын жашоо циклинин наркы эске алынат;

48. **сатып алуу борбору (мындан ары - Агент)** – Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталуучу, борборлоштурулган сатып алууларды жүргүзүү функциясы жүктөлгөн орган;

49. **сатып алуулардын электрондук форматы** – маалыматтык системаларды (веб-портал) жана электрондук маалымат ресурстарын пайдалануу менен Интернет тармагында жүзөгө ашырылуучу сатып алууларды уюштуруу жана жүргүзүү жол-жобосу, ал сатып алуулардын предметин реалдуу убакыт режиминде сатып алуу жол-жобосун камсыз кылат;

50. **электрондук каталог** – берүүчү тарабынан сунушталган учурдагы бааларды көрсөтүү менен стандарттуу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн системалаштырылган тизмесин көрсөтүүчү электрондук соода маалыматтык аянтчасы.

### 4-берене. Улуттук режим. Улуттук режимден алып салуу

1. Чет мамлекеттерден өндүрүлгөн товарларга, чет өлкөлүк берүүчүлөр тарабынан тиешелүү түрдө аткарылуучу жумуштарга, көрсөтүлүүчү кызматтарга карата мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган учурларда жана шарттарда ата мекендик товарлар, Кыргыз Республикасынын берүүчүлөрү тарабынан тиешелүү түрдө аткарылуучу жумуштар, көрсөтүлүүчү кызматтар менен бирдей шарттарда улуттук режим колдонулат.

2. Улуттук режимден алып салуу (Евразия экономикалык биримдигине мүчө башка мамлекеттердин берүүчүлөрүнүн конкреттүү товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна катышууга жеткиликтүүлүгүн бир тараптуу белгиленген тартипте чектөө же болбосо экономиканын белгилүү бир тармактарында жүзөгө ашырылуучу мамлекеттик сатып алууларга жеткиликтүүлүгүн чектөө) Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишим менен белгиленет.



50) **электронный каталог** – электронная торговая информационная площадка, предоставляющая систематизированный перечень стандартных товаров, работ и услуг с указанием текущих цен, предлагаемых поставщиками.

### Статья 4. Национальный режим. Изъятие из национального режима

1. При осуществлении государственных закупок к товарам, происходящим из иностранных государств, работам, услугам, соответственно выполняемым, оказываемым иностранными поставщиками, применяется национальный режим на равных условиях с товарами отечественного происхождения, работами, услугами, соответственно выполняемыми, оказываемыми поставщиками Кыргызской Республики в случаях и на условиях, предусмотренных настоящим Законом и международными договорами, вступившими в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

2. Изъятие из национального режима (установленное в одностороннем порядке ограничение доступа поставщиков других государств – членов Евразийского экономического союза к участию в процедурах государственных закупок конкретных товаров, работ и услуг либо ограничение доступа к государственным закупкам, осуществляемым в определенных отраслях экономики) устанавливается международным договором, участницей которого является Кыргызская Республика.

3. В целях защиты внутреннего рынка Кыргызской Республики, развития национальной экономики, поддержки товаропроизводителей Кыргызской Республики решениями Кабинета Министров могут устанавливаться преференции в отношении товаров кыргызского происхождения, запрет на допуск товаров, происходящих из иностранных государств, и ограничения допуска указанных товаров.

### Статья 5. Условия отстранения от участия в государственных закупках и включения в базу данных недобросовестных поставщиков и консультантов

1. Запрещается участвовать в государственных закупках поставщикам и консультантам, а также их руководителям, включенным в базу данных недобросовестных поставщиков и консультантов, в том числе участвующим в составе другого поставщика в качестве субподрядчика либо участника простого товарищества.

Запрещается участвовать в государственных закупках поставщикам и консультантам, если участники, члены органов управления являются аффилированными лицами с закупающей организацией/Агентом.

Запрещается участвовать в одной закупке поставщикам и консультантам, если участники и члены органов управления одного поставщика в отношении участников, членов органов управления другого поставщика являются близкими родственниками и близкими лицами.

2. Закупающая организация/Агент инициирует включение в базу данных недобросовестных поставщиков и консультантов, членов коллегиальных исполнительных органов, лиц, исполняющих функции единоличного исполнительного органа, а также лиц, включенных в такой реестр, если:

1) поставщики и консультанты, признанные победителями закупки, отказались от заключения контракта о закупках, за исключением случаев, если такой отказ связан с введением режима чрезвычайной ситуации, чрезвычайного положения или обстоятельствами непреодолимой силы при условии опубликования объявления о закупке до введения таких режимов или до наступления таких обстоятельств;

3. Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоо, улуттук экономиканы өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын товар өндүрүүчүлөрүн колдоо максатында Министрлер Кабинетинин чечимдери менен кыргыз тарапта жасалган товарларга карата преференциялар белгилениши, чет мамлекеттердин товарларына уруксат берүүгө тыюу салуу жана көрсөтүлгөн товарларга урусатты чектөөлөр белгилениши мүмкүн.

**5-берене. Мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасына киргизүүнүн шарттары**

1. Аак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасына киргизилген берүүчүлөргө жана консультанттарга, ошондой эле алардын жетекчилерине, анын ичинде башка берүүчүнүн курамында субподрядчы же болбосо жөнөкөй шериктештиктин катышуучусу катары катышууга тыюу салынат.

Эгерде катышуучулар, башкаруу органдарынын мүчөлөрү сатып алуучу уюм/Агент менен аффилирленген жак болуп саналса, берүүчүлөргө жана консультанттарга мамлекеттик сатып алууларга катышууга тыюу салынат.

Эгерде бир берүүчүнүн башкаруу органдарынын катышуучулары жана мүчөлөрү башка берүүчүнүн башкаруу органдарынын катышуучуларына, мүчөлөрүнө карата жакын туугандары жана жакын адамдары болуп саналса, берүүчүлөрдүн жана консультанттардын бир жерден сатып алууга катышуусуна тыюу салынат.

2. Сатып алуучу уюм/Агент ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасына коллегиалдуу аткаруу органдарынын мүчөлөрүн, жекече аткаруучу органдын функцияларын аткаруучу адамдарды, ошондой эле ушундай реестрге киргизилген адамдарды киргизүүнү демилгелейт, эгерде:

1) сатып алуулардын жеңүүчүлөрү деп табылган берүүчүлөр жана консультанттар сатып алуулар жөнүндө келишимди түзүүдөн баш тартса, эгерде мындай баш тартуу өзгөчө кырдаал режимин, өзгөчө абалды же күч жетпей калган жагдайларды киргизүү менен байланышкан болсо, мындай режимдер киргизилгенге чейин же мындай жагдайлар келип чыкканга чейин сатып алуу жөнүндө кулактандыруу жарыяланган шартта;

2) өзүнүн сунушунда анык эмес маалымат берген жана ал сунуштарды баалоо жол-жобосунун этабында анын так эместиги аныкталган берүүчүлөр жана консультанттар же сатып алуучу уюм/Агент сатып алуулар жөнүндө контрактты бир тараптуу тартипте бузган берүүчүлөр жана консультанттар контрактты аткаруунун жүрүшүндө сатып алуулар жөнүндө документтердин талаптарына берүүчүлөрдүн шайкеш келбегендиги, же берүүчүлөрдүн жыйынтыгы боюнча мындай контракттар түзүлгөн сатып алуулардын жол-жоболорунун жеңүүчүсү болууга мүмкүндүк берген мындай талаптарга өзүнүн ылайыктуулугу жөнүндө анык эмес маалымат бергендиги аныкталса;

3) ушул Мыйзамга ылайык алар менен контракт түзүлгөн сатып алуунун катышуучулары тарабынан берүүчүнүн сунушуна кепилдик берүүчү декларациянын шарттары бузулса, буга сатып алуу жөнүндө кулактандыруу мындай режимдер киргизилгенге чейин же мындай жагдайлар келип чыкканга чейин жарыяланган шартта, эгерде мындай бузуу өзгөчө кырдаал, өзгөчө абал режимин киргизүү же күч жетпей калган жагдайларга байланыштуу болгон учурлар кирбейт;

4) берүүчүлөр, консультанттар алар менен түзүлгөн контракттар боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай аткарбаса, буга мындай контракт мындай



2) поставщики и консультанты, предоставившие в своем предложении недостоверную информацию, которая была выявлена на этапе процедуры оценки предложений, либо поставщики и консультанты, с которыми закупающая организация/Агент в одностороннем порядке расторгла контракт о закупках, в ходе исполнения которого установлено, что поставщики не соответствуют требованиям документации о закупках, или поставщики предоставили недостоверную информацию о своем соответствии таким требованиям, что позволило им стать победителем процедур закупок, по результатам которых заключены такие контракты;

3) участниками закупки, с которыми в соответствии с настоящим Законом заключается контракт, нарушены условия декларации, гарантирующие предложение поставщика, за исключением случаев, если такое нарушение связано с введением режима чрезвычайной ситуации, чрезвычайного положения или обстоятельствами непреодолимой силы при условии опубликования объявления о закупке до введения таких режимов или до наступления таких обстоятельств;

4) поставщики, консультанты не исполнили либо ненадлежащим образом исполнили свои обязательства по заключенным с ними контрактам, за исключением случаев, если такое неисполнение связано с введением режима чрезвычайной ситуации, чрезвычайного положения или обстоятельствами непреодолимой силы при условии, что такой контракт был заключен до введения таких режимов или до наступления таких обстоятельств и в срок его исполнения.

**Статья 6. Конфликт интересов**

1. Руководителям и работникам закупающих организаций/Агента, членам комиссии по закупке при осуществлении закупок запрещается:

1) оказывать какое-либо влияние на действия (бездействие), решения в интересах какого-либо поставщика на любом этапе осуществления государственных закупок;

2) участвовать в качестве поставщиков, консультантов или быть с ними аффилированными лицами при закупках, регулируемых настоящим Законом.

В случае нарушения руководителями, работниками, членами комиссии по закупке закупающих организаций/Агента, участвующими в процедурах государственных закупок, требований настоящей части, они привлекаются к ответственности в установленном законодательством Кыргызской Республики порядке, а процедуры закупок прекращаются по решению закупающей организации/Агента или уполномоченного государственного органа по государственным закупкам.

2. Лица не могут исполнять обязанности, связанные с процедурами закупок, если они:

1) лично заинтересованы в результатах закупок (в том числе физические лица, подавшие заявки на участие в закупке);

2) являются работниками поставщиков или консультантов, подавших предложения на участие в закупке, либо физическими лицами, на которые способны оказывать влияние поставщики, консультанты (в том числе физическими лицами, являющимися участниками (акционерами) поставщиков либо консультантов), работниками органов управления и кредиторами поставщиков, консультантов.

режимдер киргизилгенге чейин же мындай жагдайлар келип чыкканга чейин жана аны аткаруу мөөнөтүндө түзүлгөн шартта, эгерде мындай аткарбоо өзгөчө кырдаал, өзгөчө абал режимин киргизүү же күч жетпей калган жагдайларга байланыштуу болгон учурлар кирбейт.

**6-берене. Кызыкчылыктардын кагылышы**

1. Сатып алуучу уюмдардын/Агенттин жетекчилерине жана кызматкерлерине, сатып алуу боюнча комиссиянын мүчөлөрүнө сатып алууларды жүзөгө ашырууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруунун бардык этабында кайсы бир берүүчүнүн кызыкчылыгындагы иш-аракеттерге (аракетсиздикке), чечимдерге кандайдыр бир таасирин көрсөтүүгө;

2) ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу сатып алууларда берүүчүлөр, консультанттар катары катышууга же алар менен аффилирленген жак болууга тыюу салынат.

Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна катышуучу сатып алуучу уюмдардын/Агенттин жетекчилери, кызматкерлери, сатып алуу боюнча комиссиянын мүчөлөрү ушул бөлүктүн талаптарын бузган учурда, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартылат, ал эми сатып алуулардын жол-жоболору сатып алуучу уюмдун/Агенттин же мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча токтотулат.

2. Адамдар сатып алуулардын жол-жоболору менен байланышкан милдеттерди аткара албайт, эгерде алар:

1) сатып алуулардын жыйынтыгына жеке кызыкдар болсо (анын ичинде сатып алууга катышууга өтүнмө берген жеке жактар);

2) сатып алууга катышууга сунуштарды берген берүүчүлөрдүн же консультанттардын кызматкерлери же болбосо аларга берүүчүлөр, консультанттар таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү жеке жактар (анын ичинде берүүчүлөрдүн же консультанттардын катышуучулары (акционерлери) болуп саналган жеке жактар), берүүчүлөрдүн, консультанттардын башкаруу органдарынын кызматкерлери жана кредиторлору болуп саналса.

3. Сатып алуучу уюм/Агент берүүчү же консультант менен сатып алуулар жөнүндө контрактты же алкактык макулдашууну төмөнкү учурда түзө албайт:

1) эгерде уюштуруучу же жетекчи бир жерден сатып алууга катышкан башка берүүчүнүн же консультанттын уюштуруучусу же жетекчиси болуп саналса;

2) эгерде бир сатып алууга катышкан берүүчү/консультант сатып алуу боюнча комиссиянын жетекчисинин, мүчөсүнүн, сатып алуучу уюмдун/Агенттин сатып алуулар бөлүмүнүн кызматкеринин жакын тууганы же жакын адамы болуп саналса;

3) эгерде аффилирленген жак болуп саналса;

4) эгерде ушул сатып алууда анын сунуштарын даярдоо үчүн мурда сатып алуучу уюмда/Агентте сатып алуу жөнүндө документтерди даярдоого жооп берген адам тартылса.

4. Сатып алуучу уюм/Агент берүүчүдөн же консультанттан аффилирленүү жок экендиги тууралуу ырастоону, ошондой эле алардын бенефициардык ээлери жөнүндө маалыматты талап кылууга милдеттүү. Бенефициардык ээлери жөнүндө



3. Закупающая организация/Агент не может заключать контракт о закупках или рамочное соглашение с поставщиком или консультантом:

1) если учредитель или руководитель является учредителем или руководителем другого поставщика или консультанта, участвующего в одной закупке;

2) если поставщик/консультант, участвующий в одной закупке, является близким родственником или близким лицом руководителя, члена комиссии по закупке, сотрудника отдела закупок закупающей организации/Агента;

3) если является аффилированным лицом;

4) если для подготовки его предложения в данной закупке привлечено лицо, которое ранее отвечало в закупающей организации/у Агента за подготовку документации о закупке.

4. Закупающая организация/Агент обязана требовать от поставщика или консультанта подтверждение об отсутствии аффилированности, а также информацию об их бенефициарных владельцах. Информация о бенефициарных владельцах является открытой и доступной информацией на веб-портале или в электронном каталоге.

5. Все участники закупки должны соблюдать основные принципы этики поведения в процессе государственных закупок и при исполнении контрактов о закупках. Участники не должны быть замешаны в неправомерных действиях, таких как коррупция, мошенничество, сговор и принуждение, предусмотренных уголовным законодательством Кыргызской Республики.

6. В случае выявления закупающей организацией/Агентом фактов, указанных в частях 1–3 настоящей статьи, предложения таких поставщиков и консультантов подлежат отклонению.

7. Причины отклонения предложения поставщика, консультанта в соответствии с настоящей статьей отражаются в протоколе процедур закупок.

**Статья 7. Конфиденциальность и форма сообщений**

